№ 1 буйруктун көчүрмөсү

Н.Рахманов атындагы
орто мектеби
Чоң-Жар айылы

02.09. 2019-жыл

**Мектеп окуучуларын жолдо жүрүүнүн коопсуздугуна машыктырууга тарбиялоо, жол кырсыктарынын жабыркоосунан алдын алуу боюнча иш чараларды уюштуруу жана өткөрүү тууралуу**

**БУЙРУК КЫЛАМЫН:**

1. Жол кырсыктарынын жабыркоосунан алдын алуу боюнча иш чаралардын планын иштеп чыгууда жетекчилик кылууга жана көзөмөлдөө үчүн мектептин тарбия иштерин уюштуруучусу С.Э. Дюшенбаевага жүктөлсүн.
2. Тарбия иштерин уюштуруучусу С.Э. Дюшенбаева:
   2.1. Мектептин жалпы тарбиялык иштерин пландаштырууда жол кырсыктарынын жабыркоосунан алдын алууга боюнча пландар киргизилсин жана класс жетекчилердин пландаштыруусунда да киргизилсин;
   2.2. Окуу жылынын ичинде 1-11-класстын окуучулары менен жолдо жүрүү эрежелери жана коопсуздугу боюнча класстык сааттар окуу жыл ичинде өткөрүлүп турсун;
   2.3. Иш чараларды өткөрүүдө ЖКК кызматкерлери, соц.педагог, ата-энелер кенеши тартылсын;
   2.4. Окуу жылынын ичинде жол кырсыктарынын жабыркоосунан алдын алууга боюнча иш чаралардын ичинде :
   - Класс жетекчилер менен семинарлар;
   - Ата-энелердин чогулушунда ангемелешүү;
   - Жол кыймылындагы коопсуздуктар боюнча инструктаждар;
   - Окуучулар менен тематикалык конкурстар, жарыштар, викториналар, оюндар ;
   - Мугалимдер менен класс жетекчилердин аткарган иштери боюнча педагогикалык кенеште угуулар болсун;

   2.5. Май айында “Жол кыймылынын коопсуздугу” жумалыгын пландаштырып жана уюштурулуп өткөрүлсүн.

3. Мектептин жол кыймылынын коопсуздук инструкторуна тарбия иштерин уюштуруучусу С.Э. Дюшенбаевага дайындалсын жана ал:
   3.1.“ Жол кыймылынын жаш инспектору” отрядын 5-9 класстар арасындагы окуучулардан уюштуруп, окуу жылы ичинде кружок формасында , ЖКЖИ жобосунун негизинде иш алып барсын;
   3.2. Мектепте жол кыймылынын коопсуздук бурчун- ЖКЖИ отрядынын маалыматтык такчасын уюштурсун;
   3.3.Класс жетекчилерге тематикалык класстык сааттарды өткөрүүдө усулдук жардам көрсөтсүн;
   3.4.Мектептен тышкаркы иш чараларга окуучулардын катышуунун алдында жол кыймылынын эрежелери жана коопсуздугу боюнча иш чаранын жооптуу адамдары менен инструктаж өткөрсүн:

4. Ар бир класстын окуучулары менен жол кырсыктарынын жабыркоосунан алдын алууга боюнча иш чараларды өткөрүү жоопкерчилиги 1-11 класстардын класс жетекчилерине жүктөлсүн. Класс жетекчилер:

   4.1. Жол кырсыктарынын жабыркоосунан алдын алууга боюнча иш чараларды окуу жылынын ичине пландаштырсын;
   4.2. Тематикалык класстык сааттар өткөрүлсүн;

4.3.Окуу кабинеттенринде жол кыймылынын коопсуздук бурчу уюштурулсун;
4.4.Жума сайын класстык сааттарда жол кырсыктарын алдын алуучу “беш мүнөттүктөрдү” ар кандай жол кырсыктарын мисалы менен өткөрүп турушсун;
4.5.Иш чараларды өткөрүүдө ЖКК кызматкерлери, соц.педагог, ата-энелер кенеши тартылсын
4.6.Жол кыймылындагы коопсуздуктар боюнча инструктаждарды өткөрсүн;
4.7. Окуучунун ар бир жол эрежесин бузуусу тууралуу класста талкуулап жана ата-энесине билдирилсин;
4.8.Окуу жылынын ичинде жол кырсыктарынын жабыркоосунан алдын алууга боюнча иш чаралардын ичинде :

- Ата-энелердин чогулушунда ангемелешүү өткөрүлсүн;
- Класс активдеринин шаарда, айылда , райондо болгон жол кырсыктары тууралуу маалымат берүүлөрун уюштурсун;
- Окуучулар менен тематикалык конкурстар, жарыштар, викториналар, оюндарды өткөрсүн;
- Велосипеди, мопеди бар окуучуларды тактап, алар менен ЖЖЭ сактоо жана жолдогу коопсуздук тууралуу сүйлөшүүлөрдү өткөрүсүн;
- Башталгыч класстын мугалимдери күн сайын акыркы сабактын аягына 2-3 мүнөт калганда окуучулар менен жолдо жүрүүнүн коопсуздук эрежелерин аба-ырайына көңүл буруу менен эске салынсын;

5. Китепканачы:

5.1.жолдо жүрүү эрежелери жана жол кыймылынын коопсуздугу боюнча адабияттардан турган ар дайым жаңыланып туруучу көргөзмөнү уюштурсун;
5.2. иш чараларды өткөрүүгө адабияттарды табууга көмөк көрсөтсүн.

6. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө мектеп директорунун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары Намазбекова А.Б. жүктөлсүн

Мектеп директору: Дюшенбаева С.Э.

Буйрук менен тааныштым:

| аты-жөнү | кызматы | колу |
|---|---|---|
| Намазбекова А.Б. | мектеп директорунун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары, 8-кл. класс жетекчиси | |
| Шукурбаева А.Н. | тарбия иштеринин уюштуруучусу | [signature] |
| Көчөрбаева | китепканачы, 7-кл класс жетекчиси | [signature] |
| Карыпбаева Г.Б. | 5-кл класс жетекчиси | [signature] |
| Насымбекова А. | 6-кл класс жетекчиси | [signature] |
| Ашыбаева Ч.Б. | 8-кл класс жетекчиси | [signature] |
| Джаманкулова С.А. | 9 “б”-кл класс жетекчиси, соц.педагог | [signature] |
| Эшимбекова А.К. | 9 “а”-кл класс жетекчиси | [signature] |
| Осконова З.О | 4-кл класс жетекчиси | [signature] |
| Өмүралиева А.Б. | 3-кл класс жетекчиси | [signature] |
| Сагыналиева Н.А. | 2-кл класс жетекчиси | [signature] |
| Жонгучкаева Ж. | 1-кл класс жетекчиси | [signature] |